Ош Технологиялык университетинин «510200 – Колдонмо математика жана информатика» багытына 1-курска күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмүнө (дистанттык) ЖРТнын негизинде абитуринттер кабыл алынат.

2-курска (күндүзгү жана дистанттык) Колледжден кийинки аталган багытка жакын орто кесиптик билими бар абитуриеттер кабыл алынат

Магистратура бөлүмүнө «510200 – Колдонмо математика жана информатика» багытын аяктаган бакалаврлар жана жогорку билимдүү аталган багытка жакын адистер кабыл алынат





**БИЗДИН БҮТҮРҮҮЧҮЛЪРДҮН КЕСИПТИК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН ЧӨЙРӨСҮ**

“510200 – Колдонмо математика жана информатика” багыты боюнча даярдоонун бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик ишмердик чөйрөсү төмөнкүлөрдү камтыйт: математиканы, программалоону, маалымат-коммуникациялык технологияларды жана автоматтык системалуу башкарууну колдонуу менен

- илим-изилдөө,
- проектирлөө
- өндүрүштүк технологиялык
- башкаруу-уюштурууучулук
- **педагогикалык жумуштар.**

Область профессиональной деятельности выпускников по направлению подготовки **510200 ПРИКЛАДНАЯ МАТЕМАТИКА И ИНФОРМАТИКА** включает:

- научно-исследовательскую,
- проектную,
- производственно-технологическую,
- организационно-управленческую и
- **педагогическую работу**, связанную

с использованием математики, программирования, информационно-коммуникационных технологий и автоматизированных системам управления.



Биздин адрес: Ош шаары, Н. Исанов көчөсү-81
Ош технологиялы университети, «Колдонмо математика» кафедрасы, 3-корпус, кабинет №315, телефон 0772720792,



**КОШ КЕЛИНИЗДЕР АБИТУРИЕНТ-2022!!!**

# Академик М.М. Адышев Ош технологиялык университетине

# КОЛДОНМО МАТЕМАТИКА ЖАНА ИНФОРМАТИКА АДИСТИГИНЕ



# М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университети

# КОЛДОНМО МАТЕМАТИКА КАФЕДРАСЫ



«510200 – Колдонмо математика жана информатика» багыты боюнча бакалаврларды жана магистрлерди ОшТУнун “Колдонмо математика” кафедрасы бүтүрүп чыгарат.

Колдонмо математика” кафедрасын физика-математика илимдеринин доктору, профессор Аширбаева Айжаркын Жоробековна жетектъэдь.

Азыркы учурда “Колдонмо математика” кафедрасында 10 окутуучу 2 жардамчы персонал эмгектенүүдө, алардын ичинде 2 физика - математика илимдеринин доктору, профессорлор (Аширбаева А.Ж., Сатаров Ж.), 4 физика - математика илимдеринин кандидаты, доценттер (Сапарова Г.Б., Зулпукаров Ж.А. Мамазиаева Э.А., Мамбетов Ж.И.), 2 улук окутуучу жана 2 окутуучулар эмгектенишет. Кафедра университетибиздеги Табигый-техникалык факультетинин карамагында болуп, бардык багыттагы студенттерге “Математика” дисциплинасынан сабак беришет.

«Колдонмо математика» кафедрасына караштуу 3 лекциялык залы, 2 методикалык кабинет, 2 акыркы муундагы компьютерлерден турган компьютердик класстар бар.

Кафедрада илимий-методикалык семинар уюштурулуп, семинарга физика-математика илимдеринин докторлору жана илимдин кандидаттары катышууда.

Кафедрада «Жаш Архимед» аттуу студенттер үчүн ар кандай кызыктуу темада кружок өз ишин алып барууда.

Жыл сайын “1-апрель Математиктер күнүнө” карата кафедранын окутуучулары менен студенттердин ортосунда спорттун (баскетбол, волейбол, шахмат) түрлөрү боюнча мелдешүүлөр өткөрүлөт. Алдынкы студенттерге баалуу белектер тапшырылат.

Студенттер “Математика” дисциплинасы боюнча аймактык студенттик олимпиадаларга катышып, алдынкы орундарды алып келишүүдө.

Илимге ынтызар болгон студенттер үчүн университетибизде жыл сайын студенттик илимий-практикалык конференция уюштурулууда.

«510200 – Колдонмо математика жана информатика» багытында окуган студенттер жогорудагы иш чараларга активдүү катышышат.



## Колдонмо математика жана информатика багыты

«510200 – Колдонмо математика жана информатика» багытынын окуу мөөнөтү күндүзгү бөлүмдө 4 жыл, ал эми дистанттык окуу бөлүмүндө 5 жыл. Адистиктин академиялык даражасы – колдонмо математика жана информатика бакалавры **(Математик, системалык программист).** Мектептерде, колледждерде математикадан, информатикадан мугалим болуп иштей алышат.

510200 – Колдонмо математика жана информатика» багыты университеттеги Табигый техникалык факультетине карайт. Азыркы учурда ушул багытта бакалавр академиялык даражасын алуу үчүн күндүзгү бөлүмдө 168 студент, ал эми сырттан (дистанттык) окуу бөлүмүндө 200 дөн ашык студент жана магистратура бөлүмдө 15 магистранттар билим алышууда

Студенттердин жеткиликтүү билим алышы үчүн университетте толук шарттар бар. Башка адистиктер менен бирдикте колдонуу үчүн акыркы муундагы компьютердик класстар түзүлгөн жана анын кызматынан студенттер пайдаланышууда.

